КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК
КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ
АТТЕСТАЦИОННАЯ
КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

Бишкек ш.

28-декабрь 2023-ж № 516

Кыргыз Республикасынын
Президентине караштуу
УАКтын президиумунун
2023-жылдын 28-декабрындагы
№ 10э/к-4/6 протоколу

**Биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 19 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңештин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө медицина, биология жана агрардык илимдерди аттестациялоо бөлүмүнүн биология жана агрардык илимдер секторунун маалыматын угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын президиуму **токтом кылат**:

1. Эксперттик кеңештин курамынан төмөнкү мүчөлөрү чыгарылсын:

- 03.02.04 – зоология (авторефераты боюнча), 03.02.05 – энтомология (эмгектеринин жыйындысы боюнча), 03.02.08 – экология (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча б.и.д., проф. Карабекова Джамиля Усенгазиевна, 03.02.01 – ботаника, 03.02.04 – зоология, 03.02.08 – экология адистиктери боюнча биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын, 03.02.14 – биологиялык ресурстар адистиги боюнча биология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология институту жана тең уюштуруучу К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетине караштуу диссертациялык кеңештин курамына киргизилгендигине байланыштуу;
- 03.02.01 – ботаника, 03.02.14 – биологиялык ресурстар (эмгектеринин жыйындысы боюнча), 06.03.02 – токой таануу, токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча б.и.д., проф. Содомбеков Ишенбай, 03.02.01 – ботаника, 03.02.04 – зоология, 03.02.08 – экология адистиктери боюнча биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын, 03.02.14 – биологиялык ресурстар адистиги боюнча биология илимдеринин

кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология институту жана тең уюштуруучу К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетине караштуу диссертациялык кеңештин курамына киргизилгендигине байланыштуу;

- 06.02.10 – жеке зоотехния, мал чарба азыктарын өндүрүүнүн технологиясы (авторефераты боюнча), 06.02.07 – айыл чарба малдарын өстүрүү, асылдандыруу жана генетикасы (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча а.ч.и.д., проф. Турдубаев Таалайбек Жээнбекович, 06.02.07 – айыл чарба малдарын өстүрүү, асылдандыруу, генетика жана репродукциянын биотехникасы, 06.02.10 – жеке зоотехния, тоюттандыруу, тоюттарды даярдоонун жана мал чарба азыктарын өндүрүүнүн технологиялары адистиктери боюнча айыл чарба илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети жана тең уюштуруучу Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Кыргыз мал чарба жана жайыт илим-изилдөө институтуна караштуу диссертациялык кеңештин курамына киргизилгендигине байланыштуу.

2. Эксперттик кеңештин курамына төмөнкү адистер киргизилсин:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Химия жана фитотехнологияларинститутунун директору б.и.д., проф., КР УИАнын корр.-мүчөсү Шалпыков Кайыркул Тункатарович 03.02.01 – ботаника (авторефераты боюнча), 03.02.08-экология (эмгектеринин жыйындысы боюнча) жана 03.02.14 – биологиялык ресурстар (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен;

- Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү программасынын кеңешчиси б.и.д., проф. Касыбеков Эркин Шактыбекович 03.02.04 – зоология (авторефераты боюнча), 03.02.08 – экология (эмгектеринин жыйындысы боюнча) жана 03.02.14 – биологиялык ресурстар (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды кароо укугу менен.

3. Эксперттик кеңештин төрагалыгына б.и.д., проф., КР УИАнын корр.-мүчөсү Шалпыков Кайыркул Тункатарович дайындалсын.

4. 06.03.02 – токой таануу, токойчулук, токой чарбасын жөнгө салуу жана токой таксациясы, 03.02.05 – энтомология адистиктери боюнча биология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялар тышкы эксперттик корутундунун негизинде каралсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**